КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БАТКЕН ОБЛУСУ
КАДАМЖАЙ РАЙОНУНУН
ИСХАК-ПОЛОТХАН АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК
КЕҢЕШИ

Iskhak_polothan@mail.ru

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ
КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ
ИСХАК-ПОЛОТХАНСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

Iskhak_polothan@mail.ru

Исхак-Полотхан айылдык кеңешинин кезексиз 20-сессиясы

ТОКТОМ

2026-жыл 18-ноябрь №81

2027-жылы республикалык бюджеттен берилүүчү дем берүүчү (үлүштүк) гранттын эсебинен каржыланууучу долбоорлорго жергиликтүү бюджеттен өздүк салым кароо жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексине, «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзамынын 34-беренесине ылайык жана Исхак-Полотхан айыл өкмөтүнүн сунушун, ошондой эле айылдык кеңештин бюджет, инвестиция, экономика, ишкердик иштери жана коомдук уюмдар боюнча туруктуу комиссиянын корутундусун угуп жана талкуулап чыгып, Исхак-Полотхан айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. 2027-жылы республикалык бюджеттен берилүүчү дем берүүчү гранттардын эсебинен ишке ашырылуучу социалдык объекттердин оңдоп-түзөө (ремонт) иштерине катышуу үчүн исхак-Полотхан айыл өкмөтүнүн 2027-жылдагы жергиликтүү бюджетинен жалпы суммасы 3 672 369 (үч миллион алты жүз жетимиш эки миң үч жүз алтымыш тогуз миң) сом өлчөмүндө өздүк салым каралсын жана бөлүп берүүгө кепилдик берилсин, анын ичинде:

1.1 Ак-Шоола балдар бакчасынын имаратын оңдоп-түзөө (ремонт) иштерине өздүк салым катары 660 000 (алты жүз алтымыш миң) сом;

1.2 Токтогул атындагы жалпы билим берүү мектебинин эшик терезелерин жаңылоо үчүн өздүк салым катары 1 543 100(бир миллион беш жүз кырк үч миң бир жүз) сом;

1.3 Ынтымак жалпы билим берүү мектебинин имаратын оңдоп-түзөө (ремонт) иштерине өздүк салым катары 689 269 (алты жүз сексен тогуз миң эки жүз алтымыш тогуз миң)сом;

1.4 Жаш-Таалимтай балдар бакчасынын имаратын оңдоп-түзөө (ремонт) иштерине өздүк салым катары 780 000(жети жүз сексен миң)сом.

2. Исхак-Полотхан айыл өкмөт башчысына жана каржы экономика бөлүмүнө:

2.1 2027-жылга карата жергиликтүү бюджеттин долбоорун түзүүдө жана бекитүүдө жогоруда көрсөтүлгөн 3 672 369сом акча каражатын тиешелүү бюджеттик беренелерге милдеттүү түрдө киргизүү;

2.2 Дем берүүчү (үлүштүк) гранттын каражаттарын алуу үчүн долбоордук-сметалык документтерди жана тиешелүү өтүнмөлөрдү белгиленген мөөнөттө Финансы министрлигинин аймактык башкармалыгына (казыналык бөлүмгө) тапшыруу милдеттендирилсин.

3. Ушул токтом каттоодон өткөрүлсүн жана расмий жарыялоо булактарына жарыялансын.

4. Ушул токтомдун көчүрмөсү ченемдик укуктук актылар Мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин Баткен облустук башкармалыгына жөнөтүлсүн.

5. Ушул токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылардын мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.

6. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы, Исхак-Полотхан айылдык кеңешинин бюджет, инвестиция, экономика, ишкердик иштери жана коомдук уюмдар боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

Төраганын орун басары: **Өтөнов С.С**